**Алай Аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун**
**№29 Ч Е Ч И М И**

Гүлчө айылы. 01.01.2021-жыл

Отурумга Алай АШКсынын мүчөлөрү толугу менен катышты.

**Чакырылды:** БШКнын Алай, Чоң-Алай АШКнын өкүлү М. Молдобаев.

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**
***Гүлчө айылындагы Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Садыр Жапаровду үгүттөгөн банер жөнүндө.***

**Угулду:**

Алай АШКсынын төрагасы А. Жороев: - Гүлчө айылынын кире беришиндеги көрнөк илүүчү жайга Кыргыз Республикасынын Президенттиги кызматына талапкер Садыр Жапаровдун Алай жана Чоң-Алай райондорунун шайлоочулары менен жолугушуусунун алдында "Садыр президент, Алай эли Садыр Жапаров менен!" деген жарнамалык материал илинген, бул материал талапкердин фондусунун эсебинен жасалып илинген эмес. Бул материалды көргөнү барганда илинген жерде банер жок болгондугу анык болду. Ал үчүн акт түзүлдү. Соц.тармактарга 28-декабрь 2020-жылы чыккан. Алай АШКсы Алай райондук ички иштер бөлүмүнө билдирүү менен кайрылганыбызда, алар 2020-жылдын 31-декабрь күнү саат 18-00де бизге билгизди. Ички иштер бөлүмүнү 12 барактан турган корутундусу боюнча Гүлчө айылынын тургуну Исраилов Мыктыбек Токтобаевичтин өз каалоосу менен өзүнүн акча каражатына Садыр Жапаровду колдоо үчүн жасатып илдиргендиги анык болду.

Жогорудагы материал боюнча Алай АШКсы Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндөгү кодексинин 47-беренесинде көрсөтүлгөн тоголок үгүт материалдарды таратуу жөнүндөгү кодекстин беренсине ылайык, Алай АШКсынын отуруму жогорудагы маселени карап, талкуулап,

Ч Е Ч И М К Ы Л А Т :

1. Кыргыз Республикасынын бузуулар кодексинин 47-беренесине ылайык Гүлчө айылынын Заит Дубанаев көчөсүнүн №49 үйүнүн жашоочусу Исраилов Мыктыбек Токтобековичке 6-категориядагы айып пул салынсын.
2. Ушул чечим БШКга билдирилсин.

**Макул-12, каршы-жок.**

Алай АШКсынын төрагасы: А. Жороев

Катчысы: Ч. Убукеева